**Орто кесиптик билим берүү программаларын программалык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери**

| №№ | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, МОНИТОРИН ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛИ МЕНЕН БААЛОО** | | | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү программасынын билим берүү максаттарынын болуусу | Билим берүү программасынын максаты уюмдун миссиясына жана мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык келбейт. | Билим берүү программасы (программалары) жана анын (алардын) максаттары мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык келет. Кызыкдар тараптардын муктаждыктары менен программанын максаттарын макулдашуу жана ылайык келүүсүн талдоо механизмдери жок. | Билим берүү программасы (программалары) жана анын (алардын) максаттары мамлекеттик стандарттын талаптарына, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. Программанын максаттарын кызыкдар тараптардын керектөөлөрү менен макулдашуу механизмдери бар. |
| 1.2 | Кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда иштелип чыккан, эмгек рыногун чагылдыруучу жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген, универсалдуу жана кесиптик терминдер менен баяндалган окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу | Билим берүү программасын окутуудан күтүлгөн натыйжалар программанын максаттарына дал келбейт, так эмес түзүлгөн, аларды иштеп чыгууга иш берүүчүлөр катышпайт. | Билим берүү программасын окутуудан күтүлгөн натыйжалар программанын максаттарына ылайык келет, кесиптик терминдер менен түзүлгөн. Күтүлгөн натыйжаларды иштеп чыгууга иш берүүчүлөрдүн катышуу механизмдери жок же алардын катышуусунун далили жок. | Билим берүү программасын окутуудан күтүлгөн натыйжалар иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен иштелип чыгып, программанын максаттарына ылайык келет, кесиптик терминдер менен түзүлгөн. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1.3 | Билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жүктөмүнүн болуусу | Жүктөмдү бөлүштүрүүнүн далилдери жок. | Окуу жүктөмү МБСтин талаптарына толугу менен жооп берет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлгөн. | Окуу жүктөмү МБСтин талаптарына толугу менен жооп берет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлгөн. |
| 1.4 | Билим берүү программасын жакшыртуу максатында окуучулар (студенттер) менен иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) баалоо | Жүргүзүлбөйт же далилдер жок. | Окуучулардын (студенттердин) жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун баалоо туруктуу жүргүзүлбөйт. Баалоо механизмдери жана процедуралары документтерде бекитилген эмес. | Жыл сайын окуучулардын (студенттердин) жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттанууларын баалоо жүргүзүлөт. Талдоонун жыйынтыктары үстүбүздөгү жылдын окуу пландарында чагылдырылган. Баалоо механизмдери жана процедуралары документтерде бекитилген. |
| 1.5 | Билим берүү программасынын практикалардын бардык түрлөрүнөн (тааныштыруучу, окутуучу, өндүрүштүк, педагогикалык, дипломдун алдындагы) өтүү үчүн окуу планында каралган орундарды берүүсү | Окуу планында каралган практикалардын бардык түрлөрү орундар жана жөнгө салуучу документтер менен камсыздалган эмес. | Билим берүү программалары практикалардын бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн орундарды берет, практика процессин жөнгө салат, процесс толугу менен документтештирилген. | Билим берүү программалары практиканын бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн орун берет, практика процессин жөнгө салат, практиканын натыйжалуулугу талданат жана аларды жакшыртуу боюнча чаралар көрүлөт. |
| 1.6. | Актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплинанын мазмунуна жыл сайын билим берүү уюму тарабынан мониторинг жүргүзүү жана баалоо | Жүргүзүлбөйт. | БУда актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин акыркы жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна мониторинг жана баалоо туруктуу жүргүзүлбөйт. | БУда актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин жана технологиялардын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүлөт. Үстүбүздөгү жылдын окуу пландарына |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | конкреттүү өзгөртүүлөр киргизилген. |
| 1.7. | Мониторинг жүргүзүү: | | | |
| а | окутуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүнө, жетишүүсүнө жана аяктоосуна | БУ УТДда белгиленген окуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүн, жетишүүсүн жана аяктоосун мониторингдөөнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгүнө, форматына ээ. Ички баалоо жүргүзүүнүн далилдери жок. Же мониторинг жүргүзүүнүн бекитилген процедуралары, форматтары, куралдары жок. | БУ УТДда белгиленген окуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүн, жетишүүсүн жана аяктоосун мониторингдөөнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгүнө, форматына ээ. Ички баалоону (ички мониторинг, тестирлөө, экзамендер) туруктуу жүргүзбөйт, жыйынтыктарды талдайт. | БУ УТДда белгиленген окуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүн, жетишүүсүн жана аяктоосун мониторингдөөнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгүнө, форматына ээ. Ички баалоону (ички мониторинг, тестирлөө, экзамендер) туруктуу жүргүзөт, жыйынтыктарды талдайт, тыянактар жана сунуштар чечимдерди кабыл алууда колдонулат.<br>Акыркы беш жыл үчүн жыйынтыктар оң динамиканы көрсөттү. |
| б | аларды баалоо процедураларынын натыйжалуугуна | БУ окутуунун натыйжалуугун, жүктөмдү, жетишүүнү жана бүтүртүп чыгарууну талдоо үчүн баалоонун айрым гана процедураларын гана колдонот (мисалы жетишүүнү | БУ окутуунун натыйжалуулугун талдоо үчүн баалоо процедураларын колдонот (ички жана тышкы), бирок туруктуу эмес. | БУ окутуунун натыйжалуулугун талдоо үчүн баалоонун (ички жана тышкы) процедураларын үзгүлтүксүз жана комплекстүү колдонот. Процедураларды, куралдарды жакшыртат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жана окутуунун сапатын гана талдоо). | | |
| в | окутуучулардын (студенттердин) жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына | Окуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттанууларын баалоо же мониторинг жүргүзүү ишке ашырылбайт. | БУда сурамжылоолор, эпизоддук же мезгилдин ичинде бир жолу талкуулоолор аркылуу иш берүүчүлөрдүн, окутуучулардын керектөөлөрүнө жана канааттануусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт. Маалымат чогултуу куралдары иштелип чыккан. | БУда сурамжылоолор, талкуулоолор аркылуу иш берүүчүлөрдүн, окутуучулардын керектөөлөрүнө жана канааттануусуна мезгил-мезгили менен мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт. Маалымат чогултуу куралдары иштелип чыккан. Алынган маалымат талданат жана отчет түрүндө берилет. Тыянактар жана сунуштар чечим кабыл алуу, окуу пландарын өзгөртүү үчүн колдонулат. |
| г | билим берүү чөйрөсүнө жана колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине | Билим берүү чөйрөсүн жана колдоо кызматтарына мониторинг жана баалоо жүргүзүлбөйт. | БУ колдоо кызматтарынын ишмердигин баяндайт (медициналык, социалдык ж.б.), жакшыртуу максатында БУнун чөйрөсүн талдайт (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.) | БУ колдоо кызматтарынын ишмердигине ички мониторингди үзгүлтүксүз жүргүзөт (медициналык, социалдык ж.б.), жакшыртуу максатында БУнун чөйрөсүн талдайт (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.): БУнун чөйрөсүнүн көрсөткүчтөрүнүн тизмесине ээ, аны жакшыртуунун үстүндө иш алып барат, жыл боюнча көрсөткүчтөрдүн динамикасына байкоо жүргүзөт (мисалы, комп/окуучунун катышы, окутуучу/окуучунун катышы; пандустардын жана жабдылган ажатканалардын болушу ж.б.) . |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| д | берилүүчү билимдин натыйжалуулугун жогорулатуу жана адекваттуулугун аныктоо максатында бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна | Механизмдер иштелип чыккан эмес, ишке орноштуруу боюнча маалыматтар жок. | БУда бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун баалоо механизмдери иштелип чыккан. Ишке орноштуруу боюнча маалыматтар жарым-жартылай чогултулган. | БУда бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун баалоо механизмдери иштелип чыккан. Мониторинг жүргүзүлөт, акыркы 5 жыл үчүн ишке орношуу көрсөткүчтөрү берилген. Маалыматтарды талдоонун негизинде кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар көрүлгөн. |
| 1.8 | Мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо үчүн процесстерди жана жооптуу адамдарды (кызматтарды) аныктоо | Мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө жооптуу адамдар аныкталган эмес. | Мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө жооптуу адамдардын милдеттери жарым-жартылай бекитилген. | Мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн жооптуу кызматтардын жана адамдардын милдеттери аныкталган, тиешелүү локалдык актыларда бекитилген. |
| 1.9 | Мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн колдонуу | Акыркы жыл үчүн билим берүүнүн сапатына жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтарын талдоо ишке ашырылган, абалды жакшыртуу үчүн талкуунун жана колдонуунун далилдери жок. | Билим берүүнүн сапатына мониторингдин маалыматтарына талдоо жүргүзүлөт, кызыкдар тараптар менен жыйынтыктар туруктуу эмес талкууланат. БУда билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн талдоонун жана талкуулоонун натыйжасында конкреттүү чараларды көрүү жөнүндө эч кандай далил жок. | БУда билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн маалыматтарын үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүлөт, кызыкдар тараптар менен жыйынтыктар талкууланат, окутууну жана БУну өнүктүрүү пландарын түзөтүү боюнча чечимдер кабыл алынат. |
| 1.10 | Билим берүү программасын окуу-усулдук камсыздоонун билим берүүнүн | Талдоо жок. | Акыркы жыл үчүн окуу-усулдук камсыздоонун ылайык келүүсүнүн талдоосу берилди. | Окуу-усулдук камсыздоонун ылайык келүүсүн талдоо жыл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү. | | | сайын жүргүзүлөт, акыркы бир нече жылда оң динамика бар. |
| **2. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН (СТУДЕНТТЕРДИН) ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО** | | | | |
| 2.1. | Педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн окуучулар (студенттер) менен үзгүлтүксүз кайтарым байланышты колдонуу | Студенттерден кайтарым байланыш алуу жана педагогдордун өзүн-өзү талдоо механизмдеринин болушу жөнүндө далилдер жок. | БУда сабактарга өз ара баруу жана кийин талдоо жүргүзүлөт, педагогдордун өзүн-өзү баалоо формалары колдонулат, бирок ошол эле учурда иш системалуу жана ырааттуу жүргүзүлбөйт. | УТДда окуучулардан (студенттерден), кесиптештерден кайтарым байланыш алуу жана колдонуу, педагогдордун жеке ыкмаларын жана иштөө технологиясын корректировкалоо максатында сабактарды жана окутуунун натыйжаларын өз алдынча талдоо, өзүн-өзү баалоо процесси баяндалган. |
| 2.2. | Баалоочу адамдардын (экзаменаторлордун) окуучулардын (студенттердин) билимин текшерүүнүн усулдарына ээ болушу жана бул тармакта квалификациясын дайыма жогорулатуусу | Бекитилген баалоо процедуралары жок. Окутуучулардын баалоо маселелери боюнча квалификациясы жөнүндө маалыматтар жок. | Окутуунун натыйжаларын баалоо процедуралары бекитилген. Студенттердин окутуунун натыйжаларын баалоонун ар кандай ыкмалары колдонулат. Окутуучулардын баалоо маселелери боюнча, тактап айтканда критериалдык квалификацияларын жогорулатуу жөнүндө маалыматтар жок же мүмкүнчүлүктөр жок. | Окутуунун натыйжаларын баалоо процедуралары бекитилген. Студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоонун ар кандай ыкмалары колдонулат, баалоо объективдүү критерийлердин негизинде жүргүзүлөт, студенттер баалоонун критерийлери жөнүндө да, натыйжалары жөнүндө да маалымдар. Окутуучулар окутуунун натыйжаларын баалоо ыкмалары жана критерийлери боюнча квалификациясын жогорулатууда. |
| 2.3. | Билим берүү уюмунун окуучулар (студенттер) жетишүүгө тийиш болгон окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына | Сайтта маалымат жок. | - | Баалоо критерийлери жана ыкмалары жөнүндө маалымат сайтта ачык жеткиликтүү. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | карата адекваттуу болгон, ошондой эле окуучунун (студенттин) окутуунун пландалган натыйжасына жетишүү деңгээлин көрсөткөн баалоо критерийлерин жана усулдарын өзүнүн сайтында жарыялоосу | | | |
| 2.4 | Баалоо процедураларынын жумшартуучу жагдайларды жана баалоонун натыйжасын апелляциялоонун расмий процедурасын камтыган объективдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыздоосу | Баалоо жүргүзүү процедураларынын баяндамасы жок. | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, бааланууучу иштердин мөөнөттөрү жана түрлөрү, экзамендерди өткөрүүнүн түрлөрү көбүнчө студенттерге белгилүү (ачык жайгаштырылган). Баалоонун жыйынтыгын апелляциялоонун расмий процедурасы каралат жана колдонулат. | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, бааланууучу иштердин мөөнөттөрү жана түрлөрү, экзамендерди өткөрүүнүн түрлөрү көбүнчө студенттерге белгилүү (ачык жайгаштырылган). Баалоонун жыйынтыгын апелляциялоонун расмий процедурасы каралат жана колдонулат. |
| 2.5. | Колдонулуучу баалоо процедурасы, күтүлүүчү текшерүүлөрдүн түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук ишин коргоо ж.б.), окуучуларга (студенттерге) карата талаптар, алардын билимин баалоонун колдонулуучу критерийлери жөнүндо окуучуларга (студенттерге) толук маалымдоо | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, текшерүүнүн мөөнөттөрү жана түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук иштерди жактоо ж.б.) ачык түрдө алдын ала жеткиликтүү жайгаштырылбайт. | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, текшерүүнүн мөөнөттөрү жана түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук иштерди жактоо ж.б.) ачык түрдө алдын ала жарым-жартылай жеткиликтүү жайгаштырылат. | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, текшерүүнүн мөөнөттөрү жана түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук иштерди жактоо ж.б.) ачык түрдө алдын ала жеткиликтүү жайгаштырылат же предмет боюнча программаны/силлабусту баяндоонун бир бөлүгү. |
| 2.6. | Окуучуларды (студенттерди) иргөөнүн себептерин жана аларды бекемдөө жана жетишүүсүн жогорулатуу боюнча көрүлгөн чараларды талдоонун болушу | Маалыматтар жок. | Иргөө боюнча акыркы жыл үчүн маалыматтар берилди. | Иргөө боюнча маалыматтар чогултулат, талданат жана акыркы 5 жыл үчүн маалыматтар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | жана көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат берилди. |
| 2.7 | Окуучулардын (студенттердин) даттануууларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген процедураларынын болуусу. | Процедуралар жок. | _ | Процедуралар жана документ иштелип чыккан, алардын негизинде иштер жүргүзүлөт. Реакция кылуу тажрыйбасы бар. |
| 2.8. | Билим берүү уюму окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу-усулдук ресурстарды, педагогикалык усулдарды, формаларды жана технологияларды колдонуу | Айрым окутуучулар тарабынан колдонулат же колдонуунун далили жок. | Айрым окутуучулар тарабынан инновациялык, окуу-усулдук ресурстар, инновациялык педагогикалык ыкмалар жана технологиялар колдонулат. | Инновациялык, окуу-усулдук ресурстар, инновациялык педагогикалык ыкмалар жана технологиялар активдүү жана системалуу түрдө колдонулат. |
| 2.9. | Билим берүү уюмунун окугандардын (студенттердин) ар кандай топторунун керектөөлөрүн аныктап жана аларды кошумча курстар, факультативдер, ийримдер аркылуу канааттандыруусу. | Кошумча окутуу жок. | БУда кошумча курстар, факультативдер, ийримдер бар. | БУда кошумча курстар, факультативдер, ийримдер бар. Студенттердин керектөөлөрүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт жана кошумча окутуу үчүн шарттар түзүлөт. |
| **3. ОКУУЧУЛАРДЫ (СТУДЕНТТЕРДИ) КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫ (СТУДЕНТТЕРДИ) БҮТҮРТҮП ЧЫГАРУУ** | | | | |
| 3.1 | Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуунун калыс жана объективдүү ыкмаларын колдонуу, ошондой эле потенциалдуу окуучулардын (студенттердин) тапшыруусу үчүн негизсиз тоскоолдуктарды болтурбоо | Процедуралар жок. | БУнун Уставында, ички актыларда окуучуларды (студенттерди) тандоо жана кабыл алуу процедуралары аныкталган (алгачкы кабыл алуу жана башка БУдан которулган учурда). Кабыл алуу практикасынын далили жок. | БУнун Уставында, ички актыларда окуучуларды (студенттерди) тандоо жана кабыл алуу процедуралары аныкталган (алгачкы кабыл алуу жана башка БУдан которулган учурда). Тандоонун жана кабыл алуунун тиешелүү ыкмалары жана процедуралары колдонулат. |
| 3.2 | Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу эрежелерин, процессин, критерийлерин ачык-айкын жана ырааттуу колдонуу | Кабыл алуу боюнча маалыматтар жок. | _ | Тандоонун жана кабыл алуунун ыкмалары жана процедуралары жазылган эрежелерге жана критерийлерге ылайык колдонулат. Студенттердин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | категориялары боюнча статистикалык маалыматтар келтирилген. |
| 3.3 | Окуучулар (студенттер) тандап алган билим берүү траекториясы, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча толук жана өз учурунда маалымат жана консультация алуусу | Документтерде чагылдырылган эмес. | Маалымат берүү, студенттердин мобилдүүлүгүн жана карьералык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу процедуралары бар. | Маалымат берүү, студенттердин мобилдүүлүгүн жана карьералык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу процедуралары бар. Академиялык мобилдүүлүк программалары боюнча статистика жылдар боюнча берилген. |
| 3.4 | Окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде чогултуу, байкоо жүргүзүү жана андан аркы иш-аракеттер үчүн так процедуралар менен куралдардын болушу | Документтерде процедуралар көрсөтүлгөн эмес. | Академиялык жетишкендиктерге мониторинг жүргүзүүнүн процедуралары жана куралдары жарым-жартылай баяндалган. | Документтерде окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде мониторингдин жана андан аркы иш-аракеттердин так процедуралары жана куралдары баяндалган. |
| 3.5. | Билим берүү уюму окуучунун (студенттин) окутуудан күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү жана анын академиялык мобилдүүлүгүнө шарт түзүү үчүн квалификацияларды жана буга чейинки окуган мезгилдерин объективдүү таанууну камсыздоосу | Маалыматтар жок. | – | БУда квалификацияларды жана буга чейинки алган билимин объективдүү таануу процедурасы бекитилген. |
| 3.6. | Билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуудан күтүлгөн натыйжаларга жетишкен окуучулардын (студенттердин) ээ болгон квалификациясын, анын ичинде алган билиминин натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана | – | БУ билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуудан күтүлгөн натыйжаларга жетишкен окуучулардын (студенттердин) ээ болгон квалификациясын тастыктаган документ менен | БУ билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуудан күтүлгөн натыйжаларга жетишкен окуучулардын (студенттердин) ээ болгон квалификациясын тастыктаган документ менен |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | статусун тастыктаган документ менен, ошондой эле окууну аяктагандыгы жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу. | | камсыздайт. Акыркы жыл үчүн бүтүрүүчүлөрдүн саны жөнүндө статистикалык маалыматты берет. | камсыздайт. Акыркы беш үчүн бүтүрүүчүлөрдүн саны, мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктары, билими жөнүндө берилген документтердин саны жөнүндө статистикалык маалыматты берет. |
| **4. ОКУТУУЧУЛУК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМ** | | | | |
| 4.1 | Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясынын, билиминин жана тажрыйбасынын ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана билим берүү процессинин талаптарына ылайык келүүсү | Окутуучу жана окутуучу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы МБСтин жана программанын талаптарына ылайык келбейт. | Окутуучу жана окутуучу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы МБСтин жана программанын талаптарына ылайык келет. Туруктуу талдоо жүргүзүү практикасы жок. | Окутуучу жана окутуучу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы МБСтин жана программанын талаптарына ылайык келет. Курамды жана квалификацияларды талдоо туруктуу жүргүзүлөт. Квалификацияны жогорулатуу боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынат. |
| 4.2. | Окутуучулардын билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келүүчү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга шарт түзүүчү окуу куралдарынын, окуу китептеринин үстүнөн иштөөсү | Иш жүргүзүлбөйт же маалыматтар жок. | БУнун окутуучулары окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуунун жана басып чыгаруунун үстүндө иш алып барат: айрым басылмалар бар. | БУнун окутуучулары билим берүү программаларына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүчү окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруунун үстүндө иш алып барат: иштеп чыгуулардын жана жарыялоолордон тизмеси бар, басып чыгаруу планы жана аларды аткаруунун 5 жыл үчүн талдоосу бар. |
| 4.3. | Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана аткарылуучу билим берүү программасында окутуучу жана окуу- | Квалификацияны жогорулатуу системалуу жана | КЖ планы иштелип чыккан жана ишке ашырылууда, процесси пландоого жана | БУнун деңгээлинде кесиптик өнүктүрүү системасы, КЖ пландары жана аларды ишке |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча реалдуу пландардын болушу | уюштурулган процесс болуп саналбайт. | мониторинг жүргүзүүгө жооптуу түзүмдүк бөлүмдөр жана адамдар аныкталган. | ашыруу иштелип чыккан жана ишке ашырылууда, процессти пландоого жана мониторинг жүргүзүүгө жооптуу түзүмдүк бөлүмдөр жана адамдар аныкталган. |
| 4.4. | Окутуу менен илимий изилдөөлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо, окутуунун инновациялык усулдарын киргизүү, алдыңкы технологияларды колдонуу үчүн окутуучулардын илимий ишмердигине дем берүү системасынын болуусу. | ИИИ үчүн дем берүү системасы жок. | Окутуучулардын илимий ишмердигине дем берүү системасы иштелип чыккан. Аны ишке ашыруунун далили жок. | Окутуучулардын илимий ишмердигине жана окутуунун инновациялык ыкмаларын жана алдыңкы технологияларды колдонууга дем берүү системасы иштелип чыккан жана ишке ашырылууда. ИИИ үчүн сыйланган окутуучулардын саны боюнча маалыматтар берилди. |
| **5. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ** | | | | |
| 5.1 | Окуучулардын (студенттердин) ар кандай топторун, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды керектүү материалдык ресурстар (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, башка ресурстар) менен камсыздоо | Талдоо берилген жок же талдоо начар камсыздалгандыкты жана аны жакшыртуу боюнча чаралардын жоктугун көрсөтүүдө. | МТБ жана маалыматтык ресурстар программанын талаптарына жана студенттердин керектөөлөрүнө ылайык келүүсүнө карата талданат. | МТБ жана маалыматтык ресурстар программанын талаптарына жана студенттердин, анын ичинде ДМЧ адамдардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсүнө карата талданат. Жакшыртуу үчүн чаралар көрүлөт, беш жылдын ичинде жылышуулар бар. |
| 5.2. | Окуучуларды (студенттерди) окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн зарыл жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдар, анын ичинде электрондук ресурстар менен камсыздоо | Окуу процесси жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдары менен, анын ичинде электрондук | Окуу процесси жарым-жартылай жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдар, анын ичинде электрондук каражаттар менен камсыздалган. | БУ/БПнын жабдууларынын, окуу китептеринин, окуу-методикалык материалдарынын жана электрондук куралдарынын саны ар бир аккредитациялануучу программа боюнча билим берүү максаттарына шайкештиги аны |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | материалдар менен камсыздалган эмес. | | натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берет. |
| 5.3 | Окуучуларды (студенттерди) окууга шыктандыруу жана натыйжаларга жетишүүсүнө түрткү берүү максатында тиешелүү адам ресурстары (кураторлор, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, психологдор ж.б.) менен камсыздоо. | Кадрлар менен камсыздоо жетишсиз, адистерди тартуу жана кармап калуу боюнча иштер жүргүзүлбөйт. | БУ адам ресурстары менен толук камсыздалган эмес, жаш адистердин келүүсү, кадрлардын кетип калышы (беш жыл ичинде) бар. Себептерин жана абалды талдоо туруктуу жүргүзүлбөйт. | БУ адам ресурстары менен камсыздалган, жаш адистердин келүүсү бар, кадрлардын агымынын пайызы төмөн (беш жыл ичинде). БУнун адам ресурстарын башкаруу жөнүндө жобосу бар, камсыздалгандыкты туруктуу талдоо жылдык өзүн-өзү баалоонун бир бөлүгү катары. |